vhs DVV International

# Маалыматтык бюллетень

DVV International

Кыргызстан

2024

Federal Ministry for Economic Cooperation and Development




Урматтуу достор! Сиздерди Кыргызстандагы 2024-жылга карата өлкөдө жана чет өлкөлөрдө чоңдорго билим берүү жаатындагы жаңылыктар менен таанышууга чакырабыз.

DVV International — чоңдорду окутуу жана билим берүү (ЧОББ) өнүктүрүү боюнча эл аралык кызматташууга арналган эл аралык кесиптик уюм. Биз чоңдордун экономикалык, социалдык жана инсандык өнүгүүсүн бирдей эсепке алган билим берүүнүн бирдиктүү концепциясынын негизинде иштейбиз. Биздин ишибиздин маанилүү багыты калктын аз камсыз болгон топтору үчүн ЧОББнү жеткиликтүүлүгүн жакшыртуу болуп саналат.
DVV International өз максаттарына үч багытта иш алып баруу аркылуу жетет: **долбоорлор аркылуу** өнүгүүгө жана кызматташууга көмөктөшүү, **тажрыйбаны өнүктүрүү жана кеңейтүү,** дүйнө жүзү боюнча **алкактык шарттарды жакшыртуу.**
Бул чөйрөдө узак мөөнөттүү ийгиликке жетүү үчүн, биздин өнөктөш уюмдар менен биргеликте, ЧОББнүн дараметин жогору кылган долбоорлорду ишке ашыруу аркылуу, мамлекеттик органдарга консультациялык кызматтарды көрсөтүү жана колдоо аркылуу ЧОББ үчүн мыйзамдык жана каржылык шарттарды жакшыртуу аракеттери көрүлүүдө. Ошол эле учурда биз өнөктөштөрүбүздү, негизинен жарандык коомдун өкүлдөрүн, уюштуруучулук жактан өнүктүрүүгө жана кесипкөйлүгүн жогорулатууга катышуу менен колдойбуз.

# МАЗМУНУ


ОшМУнин мугалимдери чоңдорду окутуунун заманбап ыкмаларын өздөштүрүштү ........ 2

Борбордук Азияда чоңдордун билим алуусун өнүктүрүү үчүн күчтөрдү бириктирүү ........ 3

"Youth Go" долбоору ........ 4-5

Инновациялык технологиялар жана билим берүү борбору менен жемиштүү өнөктөштүк ........ 6

Социалдык өнөктөштөр кеңешинин жыйналыштары ........ 7

2024-жылы медиа продуктылар ........ 7

"Кыргызстанда чоңдордун билимин трансформациялоонун көйгөйлөрү жана мүмкүн болгон биргелешкен аракеттер" конференциясы ........ 8

Чоңдорду окутуу жана билим берүү Фестивалы ........ 9

Долбоор "Биргелешкен аракеттер – Борбордук Азиядагы туруктуу өнүгүү жолу" ........ 10

Биргелешкен аракеттер ........ 11

Кыргызстанда ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү: китепканалар окууту борборлору катары ........ 12

Тынчтык клубдары жергиликтүү жамааттарда тынчтык маданиятын куруу куралы ........ 13-14

«Ден-соолук Нуру» комдук фонду менен жемиштүү кызматташуу ........ 15

Курак өзүн-өзү өнүктүрүү жолу катары: Ивановка айылында чоңдорго билим берүү демилгеси ........ 16

Чоңдорду окутуу жана билим берүү(ЧОББ) Декадасы, 2024 ........ 17-18

Өнөктөш уюмдардын дараметин жогорулатууга колдоо көрсөтүү ........ 19

2024-жылы DVV International чоңдорго билим берүү системасын жакшыртуу үчүн эл аралык ALESBA долбоорун демилгелеген ........ 20

2024-жылы DVV International чоңдорго билим берүү системасын жакшыртуу үчүн эл аралык ALESBA долбоорун демилгелеген ........ 21

Бавариядагы дуалдык билим берүү моделинин алкагында жаштардын кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү ........ 22

DVV International байланыштарды түзөт ........ 23

## ОшМУнин мугалимдери чоңдорду окутуунун заманбап ыкмаларын өздөштүрүштү

Модулдук окууту программасы Curriculum globALE (CG) июнь айында ОшМУнун мугалимдери үчүн ийгиликтүү аяктады. CG төрт негизги принциптерге негизделген: компетенттүүлүккө багытталган, аракетке багытталган, окуучуга багытталган, окуунун туруктуулугу жана ийкемдүүлүгү.

Программанын ОшМУде ишке киргизилиши университеттеги чоңдорго билим берүү системасын модернизациялоодогу маанилүү кадам болуп саналат. Алынган билим жана көндүмдөр окутуучуларга университетте билим берүүнүн сапатын жогорулатууга, аны көбүрөөк талап кылууга жана эмгек рыногунун учурдагы талаптарына жооп берүүгө жардам берет.


Май 2024-ж, Ош. CG катышуучулары топтук тапшырманы аткарып жатышат


Май 2024-ж, Ош. CG катышуучулары топтук тапшырманы аткарып жатышат



Июнь 2024-ж, Ош, CG боюнча ОшМУнун окутуучуларына сертификаттарды тапшыруу

## Борбордук Азияда чоңдордун билим алуусун өнүктүрүү үчүн күчтөрдү бириктирүү

DVV International кызматкерлеринин февраль айында Ташкентте өткөн аймактык жолугушуусу уюмдун Борбордук Азиядагы ишмердүүлүгүн стратегиялык башкаруу жана координациялоо алкагындагы маанилүү окуя болуп саналат. Бул Өзбекстан, Кыргызстан, Тажикстан жана Германиядан келген DVV International кызматкерлери үчүн учурдагы жана келечектеги долбоорлорду жана демилгелерди эске алуу менен жолугушуу, пикир алмашуу жана иштин негизги аспектилерин талкуулоо үчүн уникалдуу мүмкүнчүлүк.



Февраль 2024 ж, Ташкент. DVV International Кыргызстандагы кеңсесинин кызматкерлери семинарда



Февраль 2024-ж, Ташкент. Презентацияны Борбордук Азия боюнча аймактык Директору алып барат

Иш-чаранын программасына:

- Стратегиялык пландаштыруу: Катышуучулар уюмдун учурдагы жана келечектеги долбоорлорун талкуулап, ишмердүүлүктүн приоритеттүү багыттарын аныктап, жакынкы келечектеги иш-чаралардын планын түзүштү.
- Тажрыйба алмашуу: Кесиптештер долбоорду ишке ашыруудагы ийгиликтүү тажрыйбалары менен бөлүшүштү, чоңдордун билим берүү чөйрөсүндөгү учурдагы көйгөйлөрдү талкуулашты жана биргелешкен демилгелерди иштеп чыгышты.
- Санариптик трансформация: билим берүү кызматтарынын натыйжалуулугун жана жеткиликтүүлүгүн жогорулатуу үчүн уюмдун ишмердүүлүгүнө санариптик технологияларды киргизүү маселелери каралды.
- Достук, өнөктөштүк мамилелерди чыңдоо: Иш-чара кызматташтыкты кеңейтүү жана достук мамилелерди орнотуу үчүн аянтча катары кызмат кылды.


## “Youth Go" долбоору

2024-жылы DVV International Жаштарды өнүктүрүү институту менен биргеликте эки жылдык “Youth Go”- “Санариптик көндүмдөр аркылуу жаштардын мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү” долбоорун ишке киргизди. Долбоор Европа Биримдиги тарабынан жана Германиянын Федералдык Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү министрлиги (BMZ) тарабынан биргелешип каржыланган.

**Долбоордун максаттары:** Жаштардын кызмат көрсөтүүлөрдү башкарууга жана санариптештирүүгө активдүү катышуусу үчүн жагымдуу шарттарды түзүү, бул жергиликтүү коомчулуктун деңгээлинде демократияны өнүктүрүүнүн ачкычы болуп саналат. Кыргызстандагы жаштардын жарандык жана саясий укуктарын коргоо, жаштардын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун жогорулатуу, санариптик куралдар жана медиа аркылуу өз ара иши алып баруу.

Долбоор **27 айылдык жамаатты** жана **Кыргызстандын бардык 7 облусунда 2 кичи шаар камтыйт.** Жалпысынан долбоор **275 000ге жакын адамды камтыйт** акыркы бенефициарлар катары. Долбоордун максаттуу топтору болуп төмөнкүлөр саналат: райондук жана жергиликтүү администрациялардан мамлекеттик 580ден ашык кызматкерлер, айылдык кеңештерден, жарандык активисттер – 430дан ашык жергиликтүү коомдук уюмдардын мүчөлөрү, 16 700гө жакын жаштар, анын ичинде мектеп окуучулары жана студенттер.

Өлкөнүн түштүк жана түндүк аймактарында өткөрүлгөн ачылыш иш-чаралар долбоордун пайдубалын түптөгөн. Кеңири масштабдуу маалыматтык кампаниянын жана сынактык тандоонун жыйынтыгында долбоорду биргелешип ишке ашыруу үчүн өлкөнүн ар кайсы аймактарынан жыйырма тогуз айылдык аймактар жана кичи шаарлар жана жыйырма тогуз жаштардын демилгеси аныкталган.



Май 2024-ж, Бишкек. Башталгыч жолугушуудагы топтук сүрөт




Июнь 2024-ж, Нарын. Жумушчу жыйындын катышуучулары

## “Youth Go” долбоору

Долбоор алкагында эки масштабдуу изилдөөлөрдү жүргүздү: **Улуттук Базалык Изилдөө (NBS) жана Калкты Биргелешип Баалоо (PRA).** NBS мамлекеттик кызматтардын санариптештирүү деңгээлин баалоо жана жаштардын санарип чечимдерге болгон муктаждыктарын аныктоо максатында жүргүзүлгөн. Ал эми PRA айыл тургундарынын жергиликтүү өз алдынча башкарууга катышуусун изилдеп, тоскоолдуктарды аныктоого багытталган. Изилдөөнүн жыйынтыктары 7 облустун райондук администрацияларынын, Кыргызстандын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин, Германиянын Бишкектеги элчилигинин, Европа Биримдигинин Кыргызстандагы делегациясынын, GIZдин жана долбоордун башка өнөктөштөрүнүн өкүлдөрү катышкан тегерек столдо сунушталды. Талкуунун жыйынтыгында жаштар менен айылдык жамааттардын санариптик мүмкүнчүлүктөрүн өнүктүрүү боюнча кийинки кадамдар аныкталды. Күзүндө өлкөнүн жети облусунан жаштар уюмдарынын жана демилгелүү топтордун 29 өкүлү жарандык активдүүлүк, адам укуктары, чечимдерди кабыл алуу процессине катышуу жана жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү боюнча окуудан өтүштү. Баткен облусунан келген катышуучунун пикирин билүүнү чечтик.

«Окуу абдан пайдалуу болду. Адам укуктары, лидерлик сапаттары, коомдук иш-чараларга активдүү катышуу жана жаштарды тартуу маселелери боюнча көп нерсеге үйрөндүк. Эми биз өз айылдарыбызга кайтып келип, жаштарды активдүү иштерге тартып, аларды өнүктүрүүгө жардам беребиз».

Сиз QR кодун сканерлөө менен долбоор тууралуу кыскача маалыматты көрө аласыз.



## Инновациялык технологиялар жана билим берүү борбору менен жемиштүү өнөктөштүк

2024-жылы биргеликте ички мигранттарга жаңы көндүмдөрдү алууга жана ишке орношуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүүгө жардам берүү максатында ар кандай багыттар боюнча кесиптик жана жарандык курстар уюштурулган, мисалы:

- массажист
- бут кийим ремонттоочу адист
- электрик

Курстарды аяктагандан кийин, өз адистиги боюнча иштөөгө чакырылган бүтүрүүчүлөрдүн кеминде 30% жумуш менен камсыз болгон.
Жарандык курстар да өткөрүлдү :

- Санариптик сабаттуулук жана мамлекеттик каттоо кызматынын мобилдик тиркемелерин колдонуу,
- Мамлекеттик каттоо кызматтарында мүлктү, жарандык мамилелерди документтештирүү жана каттоо боюнча юридикалык консультация.



Июнь 2024, Бишкек, массажист курсу

## Социалдык өнөктөштөр кеңешинин жыйналыштары


Иш-чараларды алдыга жылдырууда социалдык өнөктөштүк чоң роль ойнойт. Өнөктөштүк уюмдардын күч-аракеттерин бириктирүү менен иш-чараларды тезирээк жана эффективдүү ишке ашырууга мүмкүнчүлүк түзөт. Маалыматтык өз ара аракеттенүү ЧОББ чөйрөсүндөгү иш-чаралардын кайталанышын болтурбоого жардам берет.




Апрель 2024-ж, Бишкек. Социалдык өнөктөштөрдүн жыйыны

## 2024-жылы медиа продуктылар

Өмүр бою билим алуу тенденция катары адамдардын аң-сезиминен орун алып, ошону менен коомдун өнүгүшүнө өбөлгө түзүшү керек. Мындай шартта мамлекет билим берүүдөгү бул багытты экономикалык өнүгүүнүн эң эффективдүү багыттарынын бири катары таанып, колдоого алышы керек. ЧООБну жайылтуу боюнча медиа программасы заманбап инновациялык окутуу ыкмаларын колдонуу менен өмүр бою билим берүү маданиятын жакшыраак түшүнүүгө жана кабыл алууга мүмкүндүк берет. Иштеп чыккан медиа продуктылар аркылуу ЧОББнү “адат” жана заманбап дүйнөнүн муктаждыгы катары кеңири жайылтууга болот. Бул демилгени ишке ашыруу үчүн, 2024-жылга ЧОББнү сыналгы, коомдук тармактар аркылуу жайылтуу үчүн медиа концепциясы иштелип чыккан жана 7-канал менен меморандум түзүлгөн. ЧОББнүн артыкчылыктары, каржылык көз карандысыздыкка жетишкен чоңдордун ийгиликтери тууралуу баяндамалар даярдалды. Студиядагы коноктор чоңдордун билими тууралуу ангемелешкен «Умтул» подкасты аттуу жаңы долбоор ишке киргизилди.


Июль 2024-ж, Бишкек. Умтул подкастын тартуу учурунда


Июнь 2024-ж, Бишкек ЦИТОнун медиа өнөктөштөрү менен жолугушуусу

## "Кыргызстанда чоңдордун билимин трансформациялоонун көйгөйлөрү жана мүмкүн болгон биргелешкен аракеттер" конференциясы


Апрель 2024-ж, Конференция катышуучулардын топтук сүрөтү

Кыргызстанда, башка көптөгөн өлкөлөрдөй эле, чоңдорду окутуу жана билим берүү үзгүлтүксүз билим алуу системасынын бир бөлүгү болуп саналат. Ал адамдарга өзгөрүп жаткан шарттарга ыңгайлашууга, жаңы билимдерди жана көндүмдөрдү алууга, өз дараметин ишке ашырууга мүмкүнчүлүк берет.

Бишкектеги конференция ЧОББ тармагында тажрыйба жана маалымат алмашуу аянтчасына айланды. Маанилүү жыйынтыртардын кээ бирлери:

- **Чоңдорго билим берүү туруктуу өнүгүүнүн маанилүү бөлүгү болуп саналат.** Бул адамдарга эмгек рыногунун өзгөргөн шарттарына ыңгайлашууга жана алардын атаандаштыкка жөндөмдүүлүгүн жогорулатууга мүмкүнчүлүк берет.
- **Чоңдорго билим берүүнүн маанилүүлүгү жөнүндө коомчулуктун маалымдуулугун жогорулатуу зарыл.** Адамдарга алардын билимге болгон укуктары жана жеткиликтүү билим берүү программалары жөнүндө маалымат берүү бул тармакка катышууну жогорулатуунун ачкычы болуп саналат.
- **Ар кандай кызыкдар тараптардын ортосундагы өнөктөштүктү өнүктүрүү керек:** мамлекеттик органдар, бейөкмөт уюмдар, ишкерлер жана башка кызыкдар тараптар чоңдордун билим алуу мүмкүнчүлүгүн камсыз кылуу үчүн биргелешип иштеши керек.
- **Изилдөө жана аналитика:** Кыргызстанда чоңдордун билимин системалуу түрдө илгерилетүүнүн ачкычы.

## Чоңдорду окутуу жана билим берүү Фестивалы



Май 2024-ж, Каракол. "Подиумга чыгуу 50+" Конкурстун катышуучуларын сыйлоо

Май айында Каракол шаарында 2024-жылы жыл сайын өтүүчү чоңдордун билим фестивалы болуп өттү. Иш-чара жаңы билимге жана өнүгүүгө умтулган билим берүү ышкыбоздорунун башын бириктирген жакшы салтка айланды.


Демилгенин максаты: ар бир адамдын жана жалпы коомдун жашоосун жакшыртуунун кубаттуу куралы катары чоңдордун билимине көңүл буруу. Фестивалдын алкагында тегерек стол, мастер-класстар, жарманке, сынактар, жергиликтүү бий топторунун оюн-зооктору ж.б. кызыктуу иш-чаралар уюштурулду. Фестивалды Кыргызстандагы Чоңдорго билим берүү ассоциациясы DVV International уюмунун, Каракол шаарынын мэриясынын колдоосу менен уюштурган.




Май 2024-ж, Каракол. Жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарынын жана бейөкмөт уюмдарынын өкүлдөрү тегерек столдо.

## Долбоор “Биргелешкен аракеттер – Борбордук Азиядагы туруктуу өнүгүү жолу”


Май 2024-ж, Ош. Долбоордун ачылышы презентациясында


Октябрь 2024-ж, Өзбекстан. Облусттык семинардын катышуучуларынын жалпы сүрөтү

2024-жылы “Биргелешкен аракеттер – Борбордук Азиядагы туруктуу өнүгүү жолу” аймактык эки жылдык долбоору ишке киргизилген. Кыргызстан (Баткен району жана Ош шаары), Тажикстан ( Исфара жана Канибадам райондору) жана Өзбекстан ( Бешарык жана Кувасай райондору) камтылган бул долбоор Фергана өрөөнүндө туруктуу тынчтыкты колдоо жана жакшы коңшулаштыкты өнүктүрүү максатын көздөйт. Долбоор Европа Биримдигинин жана Германиянын Федералдык Экономикалык Кызматташтык жана Өнүктүрүү Министрлигинин (BMZ) колдоосу менен, ошондой эле өнөктөштөр: Кыргызстандагы “Youth of Osh” коомдук бирикмеси, Өзбекстанда “Мехржон” коомдук бирикмеси жана Тажикстандагы «Саодат» коомдук уюму менен биргеликте ишке ашырылууда

**Долбоордун максаттары:**

- Фергана өрөөнүндөгү жарандык коом уюмдарынын (ЖКУ) тынчтык куруу процессине натыйжалуу катышуусун жогорулатуу үчүн дараметин чыңдоо;
- Фергана өрөөнүнүн чек ара жамааттарында тынчтыкта жанаша жашоону, жакшы коңшулаштыкты, чек ара ишенимин бекемдөө;
- Тынчтык маданиятын илгерилетүү аркылуу трансчегаралык тынчтык диалогду чыңдоо.

# БИРГЕЛЕШКЕН АРАКЕТТЕР

2024-ЖЫЛДАГЫ НЕГИЗГИ ИШ-ЧАРАЛАР

## ДОЛБООРДУН БАШТАЛЫШЫ

Март айында Ферганада долбоордун алгачкы жолугушуусу болуп өттү, ага үч өлкөнүн бардык өнөктөштөрү катышты, анда биз мындан аркы кадамдарды аныктадык, уюмдар ортосундагы байланыш каналдарын талкууладык, каржылык эрежелер жана процедуралар менен тааныштык, ошондой эле долбоорду ийгиликтүү ишке ашыруу үчүн ар бир өнөктөштүн ролдорду тактадык.
Май айында кызыкдар тараптарды жана жергиликтүү өнөктөштөрдү долбоор менен тааныштыруу максатында долбоордун үч өлкөсүндө башталгыч иш-чаралар өткөрүлдү.

## АЙМАКТЫК ТААНЫШТЫРУУ МЕТОДИКАЛЫК СЕМИНАРЫ

Апрель айында Ферганада долбоордук топтун кызматкерлери үчүн аймактык тааныштыруу усулдук семинары болуп өттү. Семинарга бардык өнөктөштөрдүн өкүлдөрү жалпысынан 17 адам катышты.

## ЖЕРГИЛИКТҮҮ КЕҢЕШ БЕРҮҮЧҮ ТОПТОР

Ар бир аймакта жети адамдан турган жергиликтүү консультациялык топтор (ЖКТ) түзүлгөн. ЖКТнын курамына жарандык коомдун, жергиликтүү бийликтин, райондук жана облустук түзүмдөрдүн өкүлдөрү, жергиликтүү лидерлер, диний ишмерлер жана укук коргоо органдарынын кызматкерлери кирди. Жай мезгилинде ЖКТлар үчүн «Жакшы жана натыйжалуу жана жакшы коңшулук мамилелер» темасында семинарлар өткөрүлдү.
Семинардын негизги максаттары:

- Катышуучулардын конфликтке байланыштуу түшүнүүлөрүн тереңдетүү
- Толеранттуулук жана көп түрдүүлүк чөйрөсүндө катышуучулардын билимин жана көндүмдөрүн өнүктүрүү
- ЖКТ мүчөлөрүнүн жана чечим кабыл алуучу адамдардын конфликттерге сезимтал ыкмаларды колдонуу даражасын чыңдоо, чек ара жамааттарындагы коңшулук мамилелерди жакшыртуу
- Долбоордун алкагында пландаштырылган чек ара жана тынчтык орнотуу демилгелеринин негизги критерийлерин жана принциптерин катышуучулар менен талкуулоо.

## ФЕРГАНА ӨРӨӨНҮНДӨГҮ ТЫНЧТЫКТЫ КУРУУ ЖАНА ЧЕК АРА КЫЗМАТТАШТЫГЫ ЧӨЙРӨСҮНДӨ ЖАРАНДЫК КООМ УЮМДАРЫНЫН ДАРАМЕТИН ЧЫҢДОО ПРОГРАММАСЫ

Долбоор 2024-жылы Фергана өрөөнүндөгү коммерциялык эмес уюмдардын жана демилгелүү топтордун мүмкүнчүлүктөрүн бекемдөө боюнча программаны ишке киргизип, анда тынчтыкты орнотууга жана чек аралык өз ара аракеттенүүнү өнүктүрүүгө басым жасалган.
Ачык сынак аркылуу Кыргызстан, Тажикстан жана Өзбекстандан катталган 16 коммерциялык эмес уюм жана 8 демилгелүү топ тандалып алынган.

Программанын алкагында төмөнкү иш-чаралар өткөрүлдү:


- Тынчтыкты орнотуу жана чыр-чатактын сезимталдыгы боюнча аймактык семинарлар: Катышуучулар трансчек арадагы көйгөйлөр менен натыйжалуу күрөшүүгө жардам берүү үчүн тынчтык куруунун негизги концепциялары жана чыр-чатакты башкаруу ыкмалары менен тааныштырылды
- Долбоорлорду иштеп чыгуу жана долбоорлоо боюнча ой жүгүртүү боюнча семинар : семинардын жүрүшүндө катышуучулар социалдык долбоорлорду пландаштыруу жана жергиликтүү көйгөйлөрдү чечүү үчүн инновациялык ыкмаларды колдонуу боюнча көндүмдөрдү үйрөнүшту
- Катышуу боюнча семинар Айылдык Баалоо (PRA) жана Тобокелдиктерди баалоо (PA): Катышуучулар тобокелдиктерди баалоодо практикалык көндүмдөргө ээ болушту жана аймак деңгээлиндеги туруктуулукту жана коопсуздукту жакшыртуу үчүн жергиликтүү жамааттар менен иштөө ыкмаларын билишти.

Бул программа тынчтыкты орнотуу чөйрөсүндө иштеген уюмдардын жана топтордун дараметин чыңдоодогу маанилүү кадам болуп саналат жана аймактагы туруктуу өнүгүүгө жана кызматташтыкты чыңдоого көмөктөшөт.

## Кыргызстанда ишкердик мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү: китепканалар чоңдорду окууту борборлору катары

Ишкердикти өнүктүрүү Кыргызстанда мамлекеттик саясаттын негизги багыттарынын бири болуп саналат. Китепканалар маалыматка жана билимге жетүүнүн борборлору катары бул процессте маанилүү ролду ойнойт, калкка өз бизнесин ачуу жана жүргүзүү үчүн зарыл билимдерди жана көндүмдөрдү алуу мүмкүнчүлүгүн берет. Маалыматтык ресурстук борборлор DVV International колдоосу менен ишке ашырып жаткан “Кыргызстандын китепканаларында формалдуу эмес чоңдорго билим берүү мүмкүнчүлүгүн кеңейтүү” долбоорунун алкагында китепканачылар үчүн “Ишкердиктин негиздери жана бизнес пландоо” темадагы тренинг өткөрүлдү. Алынган билимдер китепканачыларга жергиликтүү коомчулуктун муктаждыктарына ылайыкташтырылган ишкердиктин негиздери боюнча 60 сааттык курс программасын иштеп чыгууга жана жеринде тренинг өткөрүүгө мүмкүнчүлүк берди.


Курстарды өлкөнүн ар кайсы аймактарынан 230 адам аяктады. Бизнес ачуунун укуктук негиздери, бизнес-план түзүү жана маркетингдин негиздери боюнча теориялык сабактар, ийгиликтүү иш-каналарга экскурсиялар, ишкерлер менен жолугушуулар жана нетворкинг сыяктуу практикалык төмөнкүлөр иш-чаралар курстун программасына кирет.


Апрель 2024-ж, Бишкек.Чокморов ат. китепканада ишкердиктин негиздери боюнча курстун катышуучулары

**Ишкерликтин негиздери боюнча курстун катышуучуларынын пикирлерин биздин Youtube каналыбыздан QR кодду сканерлөө аркылуу көрө аласыз.**

## Тынчтык клубдары жергиликтүү жамааттарда тынчтык маданиятын куруу куралы

«Тынчтык клубдары аркылуу социалдык биримдикке көмөктөшүү» долбоору 2024-жылдын май айынан 31-октябрына чейин Тынчтык жана өнүгүү институту коомдук фонду DVV International менен өнөктөштүктө GIZ каржылык колдоосунда ишке ашырылган. PREVECA долбоорунун компоненти катары бул долбоор толеранттуулуктун баалуулуктарын, тынчтык маданиятын жана коомдук биримдикти жайылтуу менен жергиликтүү деңгээлде тынчтыкты курууну колдойт. Долбоордун алкагында Ош жана Ысык-Көл облустарынан келген 20 тынчтык клубунун координаторлору **тренерлер үчүн** : иденттүүлүк, критикалык ой жүгүртүү, интернет коопсуздугу жана форум театры деген темаларда тренингден өтүштү. Бул сессиялар координаторлорго өз жамааттарында маалымдуулукту жана туруктуулукту жогорулатуу мумкүнчүлүк түздү. 180ден ашык жаш лидерлер зордук-зомбулук топторуна тартылуунун алдын алуу үчүн критикалык ой жүгүртүү жана социалдык медианын коопсуздугу боюнча он **жергиликтүү семинарга** катышты. **Форум театр ыкмасы** катышуучуларга форумдун театрынын методологиясын өздөштүрүү, тренерлер менен биргеликте жаштардын актуалдуу маселелерин чагылдырган спектаклдерди түзүүгө мүмкүндүк берди. Тынчтык клубдар долбоорду ишке ашырган жерлерде 10 демилге жана 3000ден ашык адамды камтыган 26 иш-чара өткөрүштү.



Октябрь 2024-ж, Ош. Флешмобдо тынчтык клубунун катышуучусу



Октябрь 2024-ж, Ноокат району. Семинардын катышуучуларын тосуп алуу

## Тынчтык клубдары жергиликтүү жамааттарда тынчтык маданиятын куруу куралы

Бул иш-чаралар көбүрөөк инклюзивдүү жана коопсуз жамааттарды түзүүгө жардам берип, жаштарга лидерликти көрсөтүүгө жана аймактык тынчтыкка салым кошууга мүмкүнчүлүк түздү. Долбоордун алкагында тынчтык, көп түрдүүлүк жана зомбулуксуз маданиятты жайылтуу үчүн **онлайн кампания** ийгиликтүү ишке ашырылды**. 400дөн** ашык социалдык такмактагы **посттору 440 000ден ашуун колдонуучуга жетип,** толеранттуулуктун, зордук-зомбулуксуздуктун жана маданияттар аралык диалогдун маанилүүлүгү жөнүндө маалымдуулукту жогорулатуу жана жергиликтүү деңгээлдеги коомдук биримдикти бекемдеди.

Тынчтык клубдары жана алардын демилгелери Кыргызстандын жаштарына өз жамааттарында биримдикти, коопсуздукту жана коомдук ынтымакты орнотууга жардам берет. Билим берүү, окутуу жана жаштар лидерлеринин активдүү катышуусу коомдук биримдикке жана туруктуу келечекке өбөлгө түзгөн тынчтык маданиятын түзөт.




Сентябрь 2024-ж, Ош. Сынчыл ой жүгүртүү боюнча жергиликтүү тренинг учурунда

## «Ден-соолук Нуру» комдук фонду менен жемиштүү кызматташуу

№ 3 түзөтүү мекемесинин № 1 кесиптик лицейинде жаңы «Ашпозчу» окуу классы ачылды. «Ден соолук нуру» коомдук фонду Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине караштуу Жазаларды аткаруу кызматы жана Кыргыз Республикасынын Билим берүү жана илим министрлиги менен биргеликте имаратты оңдоп-түзөөдөн өткөрүп, бардык керектүү жабдуулар менен камсыздалган жаңы кабинет ишке киргизилди. 1-сентябрдан тарта 300 окуу саатына эсептелген 12 соттолгон үчүн ашпозчулук боюнча пилоттук курс өткөрүлүүдө.
Долбоор DVV International уюмунун колдоосу менен "Чоңдорду окутуу жана билим берүү аркылуу реинтеграция" демилгесинин алкагында ишке ашырылган.



Октябрь 2024-ж, Ново-покровка. Ашпозчу окутуу классынын ачылышында

## Курак өзүн-өзү өнүктүрүү жолу катары: Ивановка айылында чоңдорго билим берүү демилгеси

Курак ыкмасы менен тигүү окууту программасы 2024-жылы **ADRA Кыргызстан** тарабынан DVV International колдоосу менен уюштурулган чоңдордун билим алуусу айылдык жамааттарды өнүктүрүүнүн күчтүү куралы боло аларынын эң сонун мисалы болуп саналат. Бул салттуу кол өнөрчүлүк окуунун жана ишкердиктин заманбап ыкмалары менен айкалышып, айыл жергесинде экономикалык гүлдөп-өнүгүүнүн жана коомдук ынтымактын ачкычы боло аларын көрсөтөт. Курс төмөнкүлөрдү темаларды камтыйт:

- куракттын негиздери (жөнөкөйдөн татаалга чейин түрдүү ыкмалар, кыргыздын салттуу мотивдери менен композициялар жана заманбап дизайн чечимдери)
- материалдарды тандоо жана иштетүү (материалдарды даярдоо, ар кандай текстуралар менен иштөө, методдун экологиялык тазалыгын эске алуу)
- дизайн жана инженерия (өзүңүздүн эскиздериңизди түзүү, жеке стилди иштеп чыгуу)
- маркетинг (аялдар өз өнүмдөрүн таңгактоо жана презентациялоону үйрөнүшөт жана заманбап социалдык инструменттердин жардамы менен өнүмдөрдү илгерилешет).

Программанын жыйынтыктары таасирдүү! Көптөгөн катышуучулар өздөрүнүн уникалдуу буюмдарын жасап, ар кандай жарманкелерге тартуулай алышты. Бул айылдык кол өнөрчүлөрдүн үй-бүлөсүнүн бюджетин толуктоого гана эмес, аялдардын өз ишенимге ээ болууга жана алардын социалдык абалын жогорулатууга мүмкүнчүлүк берди. Мындан тышкары, курак алар үчүн өзүн-өзү тартулоонун жана өзүн чыгармачылык аркылуу көрсөтүүнүн жолу болуп калды



Май 2024-ж, Бишкек. “Жүрөктөн жүрөккө” кайрымдуулук жарманкесинде



Апр Апрель 2024-ж, Ивановка а., курак техникасы боюнча тигүү курстун катышуучулары

## Чоңдорду окутуу жана билим берүү(ЧОББ) Декадасы, 2024

2024-жылдагы маанилүү окуя 1-октябрдан 10-октябрга чейин өткөн ЧОББнүн кезектеги декадасы болду. Декада пресс-конференция менен башталып, анда КР Билим берүү жана илим министринин орун басары Абазбек уулу Расул жана DVV International уюмунун аймактык директору Галина Веремейчик сөз сүйлөштү. Бул жылы бош орундардын жарманкеси, КР ӨКМнин мастер-классы, кайрымдуулук жарманкеси, инклюзивди искусство аркылуу колдоо боюнча мастер-класстар, талкуулар, өлкөнүн китепканаларында ачык эшик күндөрү жана башкалар тематикалык иш-чаралар өткөрүлдү.



Октябрь 2024-ж, Бишкек. 7-каналдын передачасында


Октябрь 2024-ж, Бишкек. Бош орундардын жарманкеси

## Чоңдорду окутуу жана билим берүү(ЧОББ) Декадасы, 2024

Декаданын алкагындагы маанилүү иш-чаралардын бири « Кыргызстанда андрагогиканын өнүгүүсү: өбөлгөлөр жана көйгөйлөр» аттуу илимий-практикалык конференция болду. Ага Кыргызстан, Беларусь жана Өзбекстандын эксперттери, Билим берүү жана илим министрлигинин өкүлдөрү, Кыргыз мамлекеттик университетинин ректору, алдыңкы окумуштуулар, эл аралык уюмдардын өкүлдөрү катышышты. Андрагогика жаатындагы тажрыйбалар, жарандык коом уюмдарынын жана эл аралык уюмдардын ЧОББнү өнүктүрүүгө кошкон салымы, андрагогиянын өз алдынча дисциплина катары калыптанышы, чоңдорго билим берүүнү өнүктүрүүдө университеттердин ролу, адам ресурстарын өнүктүрүү жана ЧОББ үчүн адистерди даярдоо системасы ж.б. темалар иш-чарада талкуулды. Натыйжада Кыргызстанда андрагогика жана кадрларды даярдоо системасын өнүктүрүү боюнча мындан аркы кадамдар боюнча сунуштар иштелип чыкты.




Октябрь 2024-ж, Бишкек. ЧОББ Декадасынын алкагындагы конференция, ийгиликтүү кейстерди талкулоо




Октябрь 2024-ж, Бишкек. ЧОББ декадасынын алкагындагы конференция, баяндамачылардын презентациялары

## Өнөктөш уюмдардын дараметин жогорулатууга колдоо көрсөтүү

DVV International Curriculum ManagerALE программасынын алкагында жетекчилерди окутуу аркылуу өнөктөш уюмдардын дараметин жогорулатууга колдоо көрсөтүүнү улантууда. 2024-жылдын май айында коомдук китепканалардын директорлору үчүн курс башталды. Катышуучулар 3 модулду аяктоого жетишти, алар чоңдорго билим берүү боюнча билимдерин кеңейтишти бул: эффективдүү кызматташуунун принциптерин, ички башкарууну жана лидерлик сапаттарын үйрөнүштү.



Сентябрь 2024-ж, Чок-Тал а. CM катышуучуларынын топтук сүрөтү



Сентябрь 2024-ж, Чок-Тал а. Катышуучулар экинчи CM модулу боюнча топтук иштерди аткарууда

## 2024-жылы DVV International чоңдорго билим берүү системасын жакшыртуу үчүн эл аралык ALESBA долбоорун демилгелеген

**ALESBA (чоңдорго билим берүү жана билим берүү системасын курууга долбоор)** - бул чоңдорго билим берүү жана окутуу системаларын курууга болгон долбоор. Ал жаштар жана чоңдор үчүн туруктуу билим берүү системаларын түзүүдө, өкмөттөрдү, жарандык коом уюмдарын, университеттерди жана башка кызыкдар тараптарды колдоого багытталган. ALESBA чоңдордун билим берүү системаларын баалоо, долбоорлоо, ишке ашыруу жана өркүндөтүү үчүн концептуалдык базаны жана инструменттерди камсыз кылат.

Долбоордун алкагында төмөнкү этаптарды камтыган 6 иш-чара пландаштырылууда: консенсус түзүү, Лаос жана Иорданиядан келген кесиптештер менен биргеликте Шри-Ланкада мастер-тренерлерди окутуу, биргелешкен баа берүү тобун тандоо (улуттук жана аймактык). Биргелешкен баалоо топторунун максаттары бул: баалоо, маалыматтарды чогултуу жана системалаштыруу, ошондой эле баалоонун жыйынтыктарын документтештирүү жана отчетту даярдоо.


Июнь 2024-ж, Шри-Ланка. Семинардын катышуучулары


Июнь 2024-ж, Шри-Ланка. Кыргызстандан келген семинардын катышуучулары

## Иорданиядан келген кесиптештердин Кыргызстанга окуу сапары

Сентябрдын аягында DVV International уюмунун Кыргызстандагы жана Борбордук Азиядагы кеңселери Иорданиядан келген коноктору кабыл алды. Иорданиялык билим берүү борборлорунун өкүлдөрү Бишкек, Ысык-Көл жана Ош облустарындагы Чоңдорго билим берүү борборлорунда болушту. Жолугушууларда жергиликтүү уюмдар жана коноктор формалдык эмес билим берүү жаатында тажрыйба алмашышты.



Сентябрь 2024-ж, Бишкек КАОВ конокторду тосуп алууда



Сентябрь 2024-ж, Бишкек. Топтук сүрөт

## Баварияндагы дуалдык билим берүү моделинин алкагында жаштардын кесиптик компетенцияларын өнүктүрүү

2024-жылдын сентябрында үч жылдык “Баварияга кош келиңиз!” долбоору башталды. Долбоордун максаты – жаштар арасында кесиптик чеберчиликти өнүктүрүүнүн эффективдүү моделин жайылтуу жана жаштардын Германиядагы дуалдык билим берүү системасы аркылуу сапаттуу кесиптик билим алуу мүмкүнчүлүктөрүн кеңейтүү. Үч жылдын ичинде долбоор кыргыз-немец уюмдарынын, анын ичинде кызматташуусун кеңейтүүгө салым кошот:

- немис тилин жана Баварияннын маданиятын изилдөөнү колдоо;
- кесиптик-техникалык окуу жайларына кабыл алууну камсыз кылуу;
- Оштун жана Ош облусунун жаштары үчүн Баварияннын Кам аймагында кесипке ээ болуу жана дуалдык окутуу боюнча консультацияларды берүү.

Долбоор ошондой эле Кам району менен Ош облусунун ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө катышкан мугалимдердин жана тренерлердин кесиптик деңгээлин жогорулатууга колдоо көрсөтөт.
Долбоор Европа Биримдиги тарабынан каржыланат.


Октябрь 2024-ж, Ош, Ага Хан мектебиндеги жолугушуу


Октябрь 2024-ж, Ош. Өнөктөштөр жолугушуусу

## DVV International байланыштарды түзөт

Чоңдорго билим берүү тармагындагы эксперттик уюм катары DVV International жергиликтүү жана эл аралык уюмдар тарабынан уюштурулган туруктуу өнүгүүгө багытталган иш-чараларына катышууну улантууда. Биз “Чебер” долбоору тарабынан уюштурулган Кыргызстанда формалдуу эмес кесиптик билим берүүнү жана көндүмдөрдү өнүктүрүү боюнча Жумушчу топтун биринчи отурумуна катыштык .

Ош жана Бишкек шаарларында өткөн “Ынтымак жумалыгына” катыштык.

GIZ тарабынан уюштурулган «Борбордук Азияда зордук-зомбулук экстремизминин алдын алуу» долбоорунун жыйынтыктоочу конференциясында «Тынчтык клубдары аркылуу социалдык биримдикке көмөктөшүү» долбоорунун ийгиликтүү жыйынтыктарын тартууладык.




Октябрь 2024, Бишкек. PREVECA Жыйынтыктоочу конференциясында



Сентябрь 2024-ж, Ош. Ынтымак жумалыгында топтук сүрөт

# Немис Элдик университеттер ассоциациясынын Эл аралык кызматташтык институту
(DVV International)

DVV International уюмунун Кыргызстандагы өкүлчүлүгү:
Фрунзе к., 402
720033 Бишкек
+996 312 323901

info@dvv-international.kg
www.dvv-international-central-asia.org

YouTube

instagram

Facebook